# Коомго кирүү

Хизбут-Тахрир басылмаларынан

Куддус - 1958

بسم الله الرحمن الرحيم

Хизбут-Тахрир үммөткө кайрылууга аракет кылуу баскычын зор ийгилик менен басып өттү. Ал өзүн бүткүл үммөткө, ошону менен бирге саясий чөйрөлөргө Ислам акыйдасына негизделген саясий хизб катары көрсөтө алды. Пикирлерин коом барктай турган жана эсептешүүгө мажбур болгон күч кыла алды. Хизб бүгүнкү күндөгү аракетинде коомдун эшиги алдына жетип келди. Бул эшик ага ачылышы үчүн же хизбтин өзү аны ачып ичкериге кирүүгө мүмкүнчүлүк табуу үчүн эшикти кагууга аракет кыла баштады.

Азыр хизб эшиктин зулпусу, кулптарынын кандай экендигин жана дарбазачы, сакчыларынын ким экендигин жакшы үйрөнүүдө. Буларды билүү эшикти ачууга жана анын ичине тайманбай бекем кадам таштоого мүмкүнчүлүк берет.

Бирок, коомго чабуул коюу үчүн жана ага кирүү үчүн өз күчтөрүн ишке салып жаткан хизб өз акыйдасынын акыйкатына жана анын мабдаий касиетине катуу көңүл бурушу важып. Ошондо гана ал өзүнүн исламий эмес коомго кирип, Ислам рисалатын бүткүл дүйнөгө алып чыга турган Ислам мамлекетин тикелөө аркылуу исламий турмушту кайра баштоого аракет кылып жаткан исламий хизб экендигин түшүнүп жетет. Ал фикратка көңүл бургандай, тарыйкатка да, табанний кылынган ыкмаларга да олуттуу көңүл бурат. Бирок, бул ыкмалардын катасы көрүнүп калса, алардан баш тартып, башкасын табанний кылат. О.э. фикрат жана тарыйкатка тиешелүү кайсы бир пикирди түшүнүүдө ката кылгандыгы маалым болуп калса, бул түшүнүктү да таштайт. Табанний кылынган кайсыдыр бир пикирди ишке ашыруудагы туура эмес аракет - ал пикир фикратка же тарыйкатка же табанний кылынган кайсы бир ыкмага тиешелүү болобу, айырмасыз, эгер атайлап кылынбаган болсо, оор ката деп саналат. Эгер атайлап кылынган болсо, анда атайлап жолдон адаштырууга болгон аракет катары каралат. Демек, ар кандай хизбий жигиттин райларында – бул райлар, пикирий, саясий же идарий болсун – эч бир экиленүү калышы мүмкүн эмес. Балким, алардын райлары канааттануу аркылуу же ыраазылык, көңүлү толуу менен ынануу аркылуу бекем орногон болушу лаазым.

Хизб бул басчыкта өз райларынан кайтарууларга жолугат. Хизб жигиттери, алардын айланасындагылар тарабынан сунуштар, насааттар көбөйөт. Мындай абал, айрыкча, хизбтин коомдун эшиги алдында туруу мөөнөтү созулуп, ичкериге тезирээк оңой кирүүгө мүмкүнчүлүк таба албай калган учурда кезигет. Кээде коом менен бирдей багытта болгон хизбтердин вокыйлыгы алардын коом ичине кире алгандыктары жана хизбтен демилге тизгинин алып койгондуктары далил кылып келтирет.

Кээде Пайгамбарыбыз ﷺ сийраттарын өздөрүнчө чечмеленип хизбтин пикирлерине жана басылмаларына кеңири түшүндүрмө берүүгө өтүшөт. Бул иштерге айрым убакытта хизб мүчөлөрүнүн хизбке болгон ыкласы себеп болсо, кээде буларга көпчүлүккө таасир өткөзүп жаткан башка күчтүү агымдар себепчи болот. Мындай сунуш жана насааттар хизб коомго киргенден кийин да көбөйө берет. Себеби, каршы агымдар андан да күчтүүрөөк сокку берүүгө шашылышат. Ар андай аралашмалардан таза болгон Ислам өз чара-жолдорунун жана ыкмаларынын алсыз, куфр ыкмаларынын күчтүү болушуна карабастан, эрдик, тайманбастык, сабырдуулук менен куфрга каршы күрөшүү үчүн анын алдында бетме-бет турат. Ошондуктан, ыкмаларды күчөтүү максатында хизб табанний кылган пикирлерге тескери келиш-келбешине көңүл бурулбай, жаңы ыкмаларды сунуш кылуу көбөйө берет. Хизб мындай учурда ыкма жана жолдорду акыл менен түшүнүшү жана коом эшиги алдында турушу канчалык созулуп кетсе да, коомго кирүүдө өз фикраты, тарыйкаты жана ыкмалары негизинде аракет кылышы зарыл экендигин түшүнүшү керек. Хизб коомдо таасирленүүчү эмес, балким таасир өткөзүүчү түстө, коомду өзгөртө турган, өзү болсо өзгөрбөй турган абалда, о.э. башкаларга болгон ишенимди күчсүздөндүрө турган жана өзүнүн өздүк кыйматтарын (баалуулуктарын) толук сактап тура турган туруктуулукта аракет кылышы керек.

Коом эшигин ачуу же анын өзү ачылышы үчүн хизбтин коом эшигин кагуу жолундагы аракетин көз алдына келтирүү үчүн жана коомдо өкүмдар негизги жана экинчи даражалуу пикирлерди жана коомдогу өкүмдар туйгуларды өзгөртүү максатында коомго карата кылынып жаткан аракеттин түпкү негизин түшүнүп жетүү үчүн коомдун маанисин хизб аныктама бергендей түшүнүү керек. О.э. хизб өзүнө мажол кылып белгилеген региондогу коомдун вокыйлыгын, анын жалпы жана жузъий (жалпы болбогон) нерселерин аң-сезимдүүлүк менен толук түшүнүү зарыл.

Хизб коомго "коом – адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар жыйындысы" деп аныктама берди. Бул аныктама жалпы болуп, коом вокыйлыгын – коом болгондугу тарабынан - үйрөнүп чыгуунун натыйжасы болду. Бирок, биз көздөп жаткан коом башка кооомдорго окшобогон өзгөчө, ажыралып туруучу коом деген мааниге ээ. Бул үйрөнүп чыгуунун кеңири баяндамасы төмөндөгүдөй:

Бир адам экинчи, үчүнчү адам менен биригип жамаатты түзөт. Эгер алар ортосунда ар дайымкы үзгүлтүксүз алака пайда болсо, адамдардын аз же көптүгүнө карабастан, алар коомго айланышат. Адамдар ортосундагы мындай алаканы жүзөгө келтирген нерсе – алардын ар биринин колго киргизүүгө умтулуп жаткан пайдасы. Бул пайда – пайда келтирүү же зыянды жок кылуу болобу, айырмасы жок. Пайдага үндөп

жаткан күч адамдагы гарыйза жана узвий муктаждыктарды кандырууга үндөөчү турмуштук күч. Бул турмуштук күчтөн муктаждыктарды кандырууга түздөн-түз үндөөчү туйгулар келип чыгат. Бирок, бул үндөөчү түрткү айбанда өзүнүн башынан өткөн же башка өткөргөн тажрыйбалар жана турмуштук күч негизинде аракетке келсе, адам айбандан айырмаланып, муктаждык жана гарыйзаларын кандырууда түшүнүктөрү белгилеп берген негизде аракет кылат. Демек, муктаждык жана гарыйзаларды кандырууга үндөөчү туйгулар түрүн жана аракет кылуунун жолун түшүнүктөр белгилеп берет. Ошол түшүнүк жана туйгуларга карап, адам өз пайда-кызыкчылыктарын тартипке салат. Натыйжада адамдар ортосунда пикирлер туйгулар жана колдонулуп жаткан мыйзамдар негизинде алака жүзөгө келет. Көрүнүп тургандай, адамдардан түзүлгөн жамаатты коомго айландыруучу түрткү алар ортосундагы алакалар. Ушуга караганда, коомго кирүү адамдар ортосундагы бар болгон алакаларга каршы чыгуу дегени.

Бирок, бул алакалар аларды башкарып турган бийлик аркылуу жүргүзүлөт. Дал ушул бийлик менен адамдар ортосунда да алакалар бар. Ошондуктан, коомго таасир кылууда жеке адардар ортосундагы алакаларга каршы чыгуунун өзү жетиштүү эмес. Балким, бийлик менен эл ортосундагы алакаларды күч жана тайманбастык менен каршы чыгуу аркылуу титиретип козготуу зарыл. Ошондо адамдар ортосундагы бул алакалардын таасирлениши мүмкүн болот. Ушуга караганда, коомго чабуул кылуу жана анын ичине кирүү – адамдар ортосундагы алакаларга каршы чыгууну эмес, балким, бийлик менен үммөт ортосундагы адамзат кызыкчылыктары туурасындагы алакаларга каршы чыгууну түшүндүрөт. Себеби, адамдардын иштерин, өз ара алакаларын башкаруу укугу бийликтин колунда. Эгер ага күчтүү жана токтоосуз сокку берилбесе, адамдар өз коомдорунун жамандыгын жана бул коомду өзгөртүү зарылдыгын сезе алышпайт, о.э. көтөрүп жүргөн пикирлеринин жана кызыкчылыктары тарапка үндөөчү туйгуларынын ката экендигин биле алышпайт. Ошондуктан хизбтин эң көзгө көрүнгөн иши бийлик менен үммөт ортосундагы бардык тармактардагы алакаларга каршы чыгуу. Бул нерсе көпүрөлөр, ооруканалар куруу сыяктуу адамдар кызыкчылыгын түздөн-түз башкаруу болобу же министрлер дайындоо, парламент шайлоо сыяктуу иштерди башкарууга тиешелүү болобу, айырмасыз. Бийлик дегенде, биз өкүм жүргүзүүнү, т.а. башкарууну назарда тутуудабыз.

Ислам дүйнөсүндөгү азыркы башкаруу, исламий башкарууда болгондой, жалгыз бир акимдин өзүндө калыптанбай, балким ал демократик түзүм сүрөтүндө тикеленген башкаруу болуп, ал бир акимдин өзүндө гана эмес, балким, ошону менен бирге өкмөттү башкаруучу өкүмдар топто да көрүнөт. Саясатчылар жана саясий

таасирге ээ болгон партиялар да өкүмдар топко кирет. Ошондуктан өкүмдар топтун башкарууларына, саясий пикирлерине чабуул кылуу, о.э. акимдин үммөт жана башка мамлекеттер менен боло турган алакаларына да чабуул кылуу зарыл. Үммөт менен калк ортосундагы алакаларды ушул үммөт, калктардын акимдери жүргүзүп жаткандыгы, башкарып жаткандыгы ар дайым ачык-айкын болушу лаазым, т.а. бул алакаларды жүргүзүп, башкарып жаткандар акимдер. Калктын бүгүнкү жана эртеңки күнүнө таасир көрсөтүү, бул үммөт жана калктар ичине кирүү бул акимдерге, алардын пикирлерине жана иштерине сокку берилгенде гана мүмкүн болот. О.э. бир калк жана бир үммөттүн жеке адамдары ортосундагы алакаларды башкарып жаткандар да ушул калктын акимдери. Демек, ар кандай пикир жана туйгуларга таасир көрсөтүп, адамдар арасына кирүү бир гана адамдар менен акимдер ортосундагы жана акимдер менен адамдар ортосундагы алакалар аркылуу гана, т.а. акимдерге, алардын пикирлерине, иштерине жана башкарууларына чабуул кылып, сокку берүү аркылуу гана мүмкүн болот. Булардын баары саясий хизбтин иши. Бул иштер, т.а. акимдердин үммөт ортосундагы жана өздөрү өкүм жүргүзүп жаткан калктар ортосундагы алакаларды башкарууларына, о.э. башка мамлекеттер менен боло турган алакаларын башкарууга тиешелүү пикирлери, иштери жана башкарууларына сокку берүү – саясий хизбтин иши. Саясий хизбтин мындан башка иши болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан хизб өзүн саясий хизб катарында сактап калышы үчүн жана өз райларын саясий пикирлерге айландыра алышы үчүн, т.а. адамдардын кызыкчылыктарын башкарууга таасир көрсөтө ала турган, хизбтин жана жеке адамдардын зээнине сезимдер аркылуу сезе ала турган жана акыл менен түшүнүп жете ала турган пикирлерге айландыра алышы оңой болушу үчүн, о.э. бул саясий коомдо өкүмдар болуп калышы үчүн, коомду өзгөртүү максатында аракет кылып жаткан хизб анда оңой айланып жүрө алышы үчүн жогорудагы милдеттер конкреттүү болушу зарыл. Ушуга караганда, «Саясий түшүнүктөр» китебинде айтып өтүлгөн: «хизбтеги тартиптүү сакофат жана жамаий сакофат, ал сакофий иш болсо да, саясаттан деп каралат», деген пикирин ар дайым эсте тутуу керек. Анткени, саясий пикирлер «Аким саясий пикирлер негизинде эсеп-китеп кылынып тергелет, о.э. адамдарды да ушул пикирлер менен башкаруу үчүн аракет кылынат»,-деген негизде берилет. Акимдердин пландарын ачып таштоо жана кызыкчылыктарды табанний кылуу саясаттан болуп, ал саясий иш. Себеби, булар аркылуу хизб акимдердин иштерине жана башкарууларына сокку берет.

Ушуга караганда, сакофий милдетти аткарып жаткан саясий хизб коомдо иш-аракет алып барып жатат деп эсептелбейт. Балким, ал коомго карай жүрүүнү баштоо үчүн фикрат жана тарыйкатты чукур

түшүнүп жатат деп эсептелет. Адамдарга кайрылууга аракет кылып жаткан саясий хизб коомдо иш алып барып жатат деп эсептелбейт. Балким, ал бул учурда коомго карай иш жүзүндө жүрүп жаткан болот. Адамдар ортосундагы алакаларга токтоосуз каршы чыгуу менен да коомго кирүүгө аракет кылып жаткан саясий хизб коомдо иш алып барып жатат деп эсептелбейт. Балким, бул абалда саясий хизб коом эшигин гана  ачып жаткан болот. Саясий хизб коом ичине кирип, акимдердин үммөт менен жана үммөттүн акимдер менен боло турган алакаларын өзү табанний кылган пикирлер негизинде башкармайынча, таасир кылууда, үммөттүн ага болгон көз-карашында, о.э. үммөт акимдерди ошол саясий хизбтен болушу керек деп эсептешинде кудум саясатчылар менен өкүмдар топтор башкарып жатканы сыяктуу иш жүргүзмөйүнчө коом ичине кирген деп эсептелбейт.

Биз ачык айта алабыз, Хизбут-Тахрир коомго карай жүрүүдө илеңсалаңдык кылып бошошкон да жок, шашылган да жок, балким табигый жүрүп басып өттү. Бул иште ийгиликке жетишишине 1956-57-жылдарда басып өткөн саясий окуялар да жардам берди. Хизб азыркы күндө да коом эшигин ачуу үчүн же бул эшиктин өзү ага ачылышы үчүн коомдогу алакаларга токтоосуз каршылык кылууда. Ал муну менен акимдердин, саясатчылардын өкүм жүргүзүүдө жана саясатта туткан ордуна таасир көрсөтүүдө. О.э. үммөттүн хизбке, аким жана саясатчыларга күч-кудурет, ишеним жана калыстык жактарынан карашына таасир көрсөтүүгө аракет кылууда. Ушул аракеттери менен ал коомдо бекем кадам таштоого жетишүү үчүн колунан келишинче аракет кылууда. Ошондуктан хизбтин саясий аракетинин эки бөлүгү тең, т.а. пикирий жана саясий күрөшү сезилерлик даражада ички жана тышкы алакаларга каратылышы зарыл. Ушул эле учурда тартиптүү сакофат да, жамоий сакофат да өзүнүн белгиленген жолунда жүрүүнү улантышы, о.э. ыкмаларды толук аткарууга жана ар кандай чара-жолдорду көбөйтүүгө катуу көңүл бурушу  зарыл. Бирок, булардын баары качан хизб каршы чыгып жаткан алакалардын вокыйлыгы сезилип, түшүнүп жетилгенде  гана жана хизб таратып жаткан пикирлердин вокыйлыгы көз алдына келтирилип, ачыкайкын болгондо гана натыйжа берет. Эгер үммөткө кайрылууга аракет кылуу баскычында болгондой, айтылып жаткан сүйлөмдөрдү түшүнүүдөн жана кеңейтүүдөн, о.э. түшүнүктөрдү түшүнбөй эле көз алдына келтирүүдөн жана тастыктоодон нарыга өтүлбөсө, хизб коом менен бирге иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан хизб өзү иш алып барып жаткан мажолдун жана иш алып барып жаткан ар бир вилаяттын вокыйлыгын, о.э. кайсы шаарда бийлик менен калк ортосундагы алакаларга каршы чыгып жаткан болсо, ошол шаардын вокыйлыгын түшүнүшү керек. Ошондо ал өзү аракет кылып жаткан жердеги коомдун вокыйлыгын түшүнүп алат. Бирок, бул нерсе мажолдун

вокыйлыгын кеңири баяндоонун зарылдыгын билдирбейт, балким, жалпы нерселер жана алардан келип чыккан экинчи даражалуу нерселерди түшүнүп жетүү зарылдыгын билдирет. Каршы чыгуу зарыл болгон алакалардын вокыйлыгын белгилөө иштин жүрүшүнө калтырылат. Коомго чабуул кылуу жана кирүүдөгү аракет планы терең жана сезиле турган даражада жаркын болушу эң зарыл иш.

Пландардын канчалык терең жана жаркын болушу «Аракеттин жайылуу чекити» жана «Саясий аракет» аттуу китепчелерде кеңири баяндалган. Ошондуктан хизбтин ар бир мүчөсү, айрыкча махаллий лажналары (жыхаздары) жана вилаят лажнасы бул эки китепчени кайра үйрөнүп чыгуулары керек. Дароо эле ишти баштап жиберүү мүмкүн боло турган даражада планды сезиле турган түстө ачык-айкын болушуна келсек, аны төмөндө кыскача баян кылуу мүмкүн:

а) **Пикирий күрөш**

Хизб азыркы учурда алып барып жаткан пикирий күрөшүн – кыядат тарабынан тартипке салып берүүсүнө муктаж болбостон - улантырышы жана дагы да күчөйтүрүшү лаазым. Вилаят лажналары мүмкүн болгон бардык жолдор менен пикирий күрөштү пайда кылуу жана токтоосуз улантуу үчүн күчтөрүн даярдоолору, о.э. бар болгон мүмкүнчүлүктөрүн сарптоолору лаазым. Пикирий күрөштү алып барууда гана хизб тарабынан табанний кылынган негиздерден четке чыгылбоосу шарт. Азыркы учурда көңүл бурулушу важып болгон нерсе, хизб жигиттери кайсы пикирлерде пикирий күрөштү пайда кылып жаткан болушса, ошол пикирлердин вокыйлыгын ачык-айкын көз алдына келтирип алуулары жана талкуулашып жаткан же кеңири баяндап беришип жаткан убакытта бул пикирлердин вокыйлыгын ачык жана сезиле турган түстө сүрөттөп берүүгө аракет кылуулары керек. Бул болсо тарыхый жана вокыий окуяларды, айрыкча, Исламдын коомго кирип, анда бекем орношуп калышынын алдын алуу үчүн капырлар коё турган тосуктар деп эсептеле турган жалпы пикирлерди мисал кылып келтирүү менен ишке ашат. Мисалы, араб улутчулдугу терс жана оң түстө мисал кылынышы мүмкүн. Араб улутчулдугундагы анык болбогон мүдөө-максаттар жана күңүрт арзуу-үмүттөр алардын бул турмушта эч бир пайдасы жок пикир экендиги жана бул пикирлер бир белгилүү түзүм да, бир белгилүү дүйнө караш да боло албастыгын баян кылып, ага терс түстө чабуул кылынат. Араб улутчулдугу расачылык жана уруучулукту билдиришин баян кылынып, анын кооптуу нерсе экендигине тарыхый мисал катарында Бану Мусталак казаты окуясын жана улутчулдук азыркы Европа элдерин бириктирүү жолунда көпүрө куруп болбой турган аңдар казып койгондугун мисал кылып келтирүү менен улутчулукка оң түстө чабуул кылынат. Бул бир пикир тарабынан алып караганда ушундай. Ар түрдүү пикирлер тарабынан алып каралганда болсо, мисал катары Бейруттагы

«Ваъй» китепканасы менен «Америка» университетин салыштырып көрсө болот. «Ваъй» китепканасына кирип калган адам бирер саясий кабар же бирер мамиле жөнүндөгү вокыйлыгы бар болгон жандуу пикирлер үстүндөгү талкуулашуулардын күбөсү болот. «Америка» университетине кирип калган адам болсо, медресеге тийиштүү нерселер үстүндөгү пикирий талкуулашуулардын күбөсү болот, бирок талкуулашуучулардын эч биринен ал пикирлердин вокыйлыгы талкууланып жаткандыгын укпайт да. Мындан «Ваъй» китепканасы коом арасында, «Америка» университети болсо коомдон тышкарыда, деген тыянакка келебиз. Демек, махаллий лажналар жана вилаят лажналары жандуу талкуулашуулар пайда кылуу үчүн бир нече тарыхый мисалдар келтирүүлөрү жана буга бүт көңүлүн буруулары важып. Ошондо алар, пикирий күрөштү сезүү мүмкүн болгон вокыйлык үстүнө курган болушат.

б) **Саясий күрөш баскычы.**

Азыркы учурдагы хизб жигиттеринин иш-аракети аксап жаткан саясий күрөш бүгүндөн баштап төмөндөгү тартипте барат.

1. Адамдардын пайдалары, кызыкчылыктары жаатындагы бийлик менен үммөт ортосундагы алакаларга каршы чыгууну дароо баштап жиберүү керек. Ачык-айкын болушу керек болгон нерсе, хизб коомго кирүүгө аракет кылуу баскычында ар бир ишти анын өтөөсүнөн чыга алуу мүмкүнчүлүгүнө карап белгилейт. Ал эми азыр хизб коомдун эшигин кагып жаткан болсо да, али анын ичине кирбеген бир убакытта гана катуу азап берүүчү соккулардан өзүн узак тутат. Мындай даражага жетпеген соккуларга болсо көңүл деле бурбайт. Хизб үммөткө таасир кылуу баскычында иштерди лаазымдыгына карап аткарат. Коомдун терс илдеттерин ачып таштайт. Качан кандайдыр бир окуя жүзөгө келсе, ага карата өзүнүн позициясын билдирет. Болгону гана жок кылуучу соккудан өзүн этият кылат. Хизб ага жетип барбаган болсо да ушундай кылат. Анткени, үммөткө таасир өткөзүү куфрдын моюну сынып, хизб коомго бекем-күчтүү кадамдар менен кирип келгенде гана болот. Муну ушул күндөн баштап ар дайым эсте тутуу зарыл. Себеби, хизб коомдун эшигин ачуу үчүн же бул эшиктин өзү ага ачылышы үчүн бул эшикке каршы күчөйтүп жиберген чабуулунан ийгиликтүү өткөндөн кийин гана коомго түздөн-түз кирүүнү көздөйт.

2. Алакаларга каршы чыгуу - кызыкчылыктарга каршы чыгуу дегени. Иштерди кескин сынга алуу кызыкчылыктарга каршы чыгууну түшүндүрөт. Демек, маселе кызыкчылыктарга каршы чыгуу жана аны катуу силкитип коюуга чектелген. Бул кызыкчылыктар эки бөлүккө бөлүнөт: ушул күндөгү пайда негизиндеги кызыкчылыктар жана ушул күндүн саясий кызыкчылыктары. Бул кызыкчылыктардын ушул күндө болбой жаткандарына каршы саясий күрөштү эмес, балким пикирий күрөштү ишке салат. О.э. тартиптүү сакофат жана айрым учурларда

жамаий сакофатты да ишке салат. Саясий күрөш жолу менен болсо, ушул күндүн кызыкчылыктары – пайда негизиндеги кызыкчылыктар болобу, саясий кызыкчылыктар болобу – баары чечилет.

Ушул күндөрдөгү пайда негизиндеги кызыкчылыктарга каршы чыгууга келсек, бул иш үммөттүн чыныгы кызыкчылыктарын табанний кылуу менен болот. Бул кызыкчылыктар адамдардан бир тобуна, мисалы соодагерлерге же мисалы Сурия же Каир сыяктуу белгилүү бир өлкөгө тиешелүү болгон жузъий кызыкчылыктар болобу же бүткүл үммөткө же белгилүү бир регионго же бүткүл бир мажолго тиешелүү болгон жалпы кызыкчылыктар болобу, айырмасы жок.

Муну ишке ашырууда төмөндөгүдөй жол тутулат: а) Болгону вокыйлыкты гана сыпаттап берилет жана акимге каршы жек көрүүнү козготулат. Бул туурасындагы шаръий өкүмгө токтолунбайт. Мисалы, өтө чоң каражаттарды ыксыз жана чыныгы бир пайданы жүзөгө чыгарбай турган долбоорлорго сарпталышында адамдар үстүнө түшүп жаткан зулумду баян кылуу сыяктуу. б) Кандайдыр бир проблеманы туура эмес чечилип жатканы жана бул проблеманын чечиминдеги Алланын өкүмү баян кылынат. Мисалы, мамлекет сакчыны (милицияны) айдоочулар эреже бузгандыктарын тергөө үчүн жана айдоочуну отделге бармайынча кармап туруу үчүн адамдар үстүнөн өкүмдар кылып койгон. Исламда болсо, мухтасиб (жамааттын акысына зыян келтирип жаткан мыйзам бузуучуларды ажырым кылуучу казы) мыйзамды бузган адам менен окуяны ошол убакыттын өзүндө эле териштирет, өкүм чыгарат жана өкүмдү ошол убакыттын өзүндө кечиктирбестен ишке ашырат. Бул болсо кызыкчылыктардын кош-көңүл таштап коюлбоосун көрсөтөт.

Ушул күндөрдөгү саясий кызыкчылыктарга каршы чыгуу болсо министрлер кабинетинин кандай түзүлгөнүнө, өкмөттү кандай башкарып жатканына, парламент эч нерседен бейкабар экендигине жана аларды саясий чөйрө кылып койгон демократиянын өзү арзыбаган бир нерсе экендигине чабуул жасоо менен болот. Башка мамлекет элчиканалары өкмөт иштерине аралашып жатканы, уруу башчылары жана капитал ээлеринин бийликтеги таптарга өз таасирин өткөзүп жатканы жана ушул сыяктуу нерселерди ачып таштоо менен ишке ашырылат. Бул иштерди министрлер кабинети түзүлүп жаткан учурда же ага ишеним билдирилип жаткан убакытта же парламенттин кезектеги жыйыны ачылып жатканда же түздөн-түз ушуларга тиешелүү окуя жүзөгө келген убакытта ишке ашырылат. Кээде ушул күндүн кызыкчылыктарына каршы чыгуу менен бирге алып барылат.

Булар хизбтин чабуулга өтүү жана коомго кирүүдөгү иш планы. Аны кунт менен, аң-сезимдүүлүк менен турмушка колдоо хизбке коом эшиги ачылышына же хизбтин өзү аны ачышына мүмкүнчүлүк туудуруп берет. Бирок хизб мүчөлөрүндө да, башка адамдарда да ушул нерсе анык

болушу керек, хизб бийликти акимдер колунан гана эмес, балким, бүткүл өкүмдар тап колунан иш жүзүндө тартып алууну максат кылат. Хизбтин максаты – исламий мамлекеттердеги бийликти, анын үммөт менен болгон алакаларына каршы чыгуу аркылуу тартып алуу жана бул бийликти исламий мамлекетке айландыруу үчүн колго алуу. Хизб коомдо азыркы бийликти талкалап жоготууда жардам ала турган кандайдыр башка бийлик тикелөөнү каалабайт, балким, учурдагы өкүмдар бийликтин өзүн алууну каалайт. Хизб мына ушул өкүмдар бийликти, өкүм жүргүзүп жаткан башкарууну, адамдар моюн сунуп турган өкмөттү үммөт аркылуу алууну көздөйт. Кийин хизб бул бийликтин формасын жана түзүмүн өзгөртөт жана Исламды турмушка колдоо, Ислам рисалатын (динин) бүткүл дүйнөгө алып чыгуу үчүн аракет кылат. Мында төмөндөгү эки ишке олуттуу көңүл бурулат:

1- Министрликтердин бири экинчисинен абзел коюлбайт, т.а. бир министрликке чабуул кылынып, башкасына унчукпай карап турулбайт. Балким, башкаруу жана бийликтин бардык өкүмдар таптары бутага алынат.

2- Адамдарга «Силер үчүн бул кызыкчылыктар Ислам Мамлекети тикеленгенде жүзөгө чыгат»-дебөө керек. Себеби, бул сөз адамдардын өз кызыкчылыктарынын жүзөгө чыгышын түшүнүүдөн узакташтырып жиберет, хизбти өкүм жүргүзүүдөн, ага таасир өткөзүүдөн узакташтырууга жардам берет. Ошондуктан, адамдар үстүнөн өкүм жүргүзүлүп жаткан абалга каршы чыгуу Ислам өкүмдөрүнө ылайык түстө болушу жана чабуул коюлуп жаткан маселедеги шаръий өкүмдү гана баян кылып берүү аркылуу болушу лаазым.

Саясий күрөштөгү аракет ушундай бир тартипте алып барылышы керек, мында өкүмдар бийлик өз кабыргасын өзү сындырып, таштай турган, айбатын жогото турган адамдардын ага болгон үмүтүн үзүүгө дуушар болсун жана анын алкымынан алып муунтуп өлтүрө турган кол-бармактарды көбөйтүрө турган абалга түшүп калсын, Ислам башкаруусуна, Ислам мамлекетине жана Ислам туусуна адамдардын умтулууларын козгоп жиберсин.

Бирок, алып барылып жаткан иштен көздөлгөн максат – бийликти колго алуу эмес, балким исламий турмушту кайра тикелөө экендигин жана Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу экендигин, мунун тарыйкаты бийлик экендигин бир көз ирмем болсо да эстен чыгарбоо керек. Демек, өкүмдар бийликти колго алуу - исламий турмушту кайра тикелөөнүн, т.а. адамдар ортосундагы алакаларды исламий алакаларга айландыруунун тарыйкаты. Бийликке ушул иштердин тарыйкаты, деп караш керек. Демек, маселе бийлик башында тургандарды талкалоо үчүн аракет кылуунун өзү эмес, балким маселе Ислам пикирлерин коомдо өкүмдар пикирлерге айландыруу. Анткени, бийлик башында

тургандарды талкалоо жана алардын колунан бийликти тартып алуу ушул исламий пикирлердин өкүмдарлык жолу менен болсун.

Бул бир тараптан. Башка тараптан болсо, мамлекет өзү негизделе турган жаңы пикирлердин пайда болушу менен пайда болот, андагы бийлик да ушул пикирлер өзгөрүшү менен өзгөрөт. Бул анык нерсе. Себеби пикирлер эгер түшүнүктөргө айланса, адамдын жашоо жолуна таасир көрсөтөт жана адамдын жашоо жолун ушул түшүнүктөргө ылайык жүрө турган кылып коёт. Натыйжада, адамдын турмушка болгон көз карашы жана мунун натыйжасы болгон кызыкчылыктарга болгон көз карашы да өзгөрөт. Бийлик – бул кызыкчылыктарды башкаруу, аларды жүргүзүүгө башчылык кылуу дегени. Кызыкчылыктарды башкаруу (т.а. бийлик) коомдогу эң күчтүү топтун колунда болот. Эгер бир региондо жашап жаткан адамдардын кызыкчылыктарына болгон көз карашы бирдей боло турган болсо, алар өз иштерин башкара турган адамды шайлашат, т.а. алардын кызыкчылыктарын жүргүзө турган бийликти тикелешет же кызыкчылыктарды жүргүзүү үчүн бийликтеги өздөрү шайлаган адамдын башкаруусуна ыраазы болушат. Мындан маалым болгон нерсе, бийлик үммөт тарабынан келет, т.а. үммөт бийликти иш жүзүндө өзү тандайт же өкүмдар бийликке унчукпайт. Унчукпоо да ыраазылык түрлөрүнүн бири.

Ал эми адамдардын кызыкчылыктарына болгон көз карашы ар кыл болсо, анда алар бир нече топторго бөлүнүп кетишет. Бийликти бул топтордун эң күчтүүсү колго алат, өз кызыкчылыктарын жана башка топтордун кызыкчылыктарын өзүнүн кызыкчылыктарына ылайык башкарат. Баарысы бул топко моюн сунууга, кызыкчылыктары бул топтун кызыкчылыктарына ылайык башкарылышына мажбур болот, ал тургай бул башкарууну «жакшы» деп кабыл алат. Бардык топтордун кызыкчылыктарга болгон көз карашы ошол топтун көз карашына ылайык болуп калат жана топтордун бардыгы бир топко биригип кетет. Же аларга ошол өкүмдар топ үстүнөн үстөм келип, андан бийликти тартып алып, баарынын кызыкчылыктарын бийликти колго алган топ кызыкчылыктарына ылайык башкарууга мөөнөт келгенге чейин абал ушундай тура берет. Бул абал адам кызыкчылыктарын башкарууга негизделген ар кандай бийликте табигый жана качып кутулгус. Бийлик уруучулук бийлиги же демократик бийлик же исламий бийлик болобу, мунун айырмасы жок. Ал тургай, диктатура бийлиги да бир жалгыз адамдын бийлиги эмес, топтор бийлиги эсептелет. Себеби, диктатордун адам кызыкчылыктарын башкаруусу кандайдыр бир күчтүү топ аны колдоп кубатташы же анын башкарышын унчукпай кабыл алгандыктары себептүү ишке ашат. Бул эки абалда тең башкарып жаткан адам өзүн колдоп-кубаттап жаткан же унчукпай кабыл алган топтун бийлиги аркылуу иш жүргүзөт, жалгыз бир өзүнүн бийлиги эч качан иш

жүргүзбөйт. Ушуга караганда турмуш жөнүндөгү белгилүү пикирлердин болушу лаазым, о.э. бийлик колго тийгенге чейин бул пикирлерди канааттанып көтөрүп чыга турган, ыраазылык жана кызыгуу менен кабыл ала турган күчтүү топтун болушу шарт. Топ деген хизб эмес, балким, коомдогу ар кандай жамаат назарда тутулууда. Себеби хизб топ эмес, балким маънавий (моралдык) шахсият.

Түшүнүктөр, өлчөөлөр жана канааттануулар курамында көрүнүүчү турмуш жөнүндөгү белгилүү пикирлер – мына ушулар негиз. Адамдардын көпчүлүгү же алар ичиндеги күчтүү бир топ ушул түшүнүк, өлчөө жана канааттанууларды – жалпы түстө болсо да – кабыл алышы мамлекетти жүзөгө келтирип, андагы бийликти өзгөртөт. Адамдардын же бул топтун бул пикирлерди кабыл алышы – назик сүрөттөп берүү, күчтүү таасир көрсөтүү натыйжасында же бир нече окуяларга дал келгендигинин чыныгы күбөлөрү болушкан вокыйлык натыйжасында жүзөгө келгендигине карабастан.

Ушуга караганда, ишти элден мурда турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр, өлчөөлөр, канааттануулар курамынан турган пикирлерди пайда кылуудан баштоо керек. Андан соң адамдардын көпчүлүгү же алардын ичиндеги күчтүү бир топ бул пикирлерди кабыл алууларына жетишүү керек болот. Мына ошондо табигый түстө албетте мамлекет жүзөгө келет.

Ар кандай мамлекетте бийликти колго алуу ушул жердеги үммөт же үммөт ичиндеги күчтүү топ кабыл алган түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар жыйындысын бийликке жетүүнүн тарыйкаты кылып алуу аркылуу, о.э. адамдардын кызыкчылыктарын ушул түшүнүк, өлчөө жана канааттанууларга ылайык жүзөгө ашыруу аркылуу ишке ашат. Ал эми, адамдар канааттанган же кабыл алган түшүнүктөргө тескери болгон түшүнүк, өлчөө жана канааттанууларды турмушка колдоо үчүн бийликти колго алууну көздөлсө, бул иш үммөттүн материалдык жана пикирий кубатынан көрө кудуреттүүрөөк материалдык жана пикирий күч жардамында кылына турган тышкы чабуул аркылууу ишке ашышы мүмкүн.

Ушул себептен үммөттө исламий түшүнүк, өлчөө жана канааттанууларды пайда кылуу үчүн, буларды үммөткө - ал канааттанып кабыл алышы максатында - көтөрүп чыгуу үчүн жана кайсы бир региондо өзүнүн пикирий, материалдык кубаты менен бүткүл мусулмандар дүйнөсүнө көчүп, аны жалгыз Ислам Мамлекетинде бириктире турган исламий мамлекетти жүзөгө келтирүү үчүн ишти үммөттөн баштоо зарыл. Бул пикирлерди, т.а. бул түшүнүк, өлчөө жана канааттануулардын жыйындысын коомдо пайда кылуучу күч, о.э. күчтүү топту же көпчүлүк адамдарды ушул пикирлерди кабыл алып, коомдо анын негизинде жашоо зарыл деп биле турган кылып коюучу күч – бул

бир гана хизб. Бул күч мамлекет да эмес, үммөт да эмес, ал тургай, үммөт арасындагы пикирдүү адамдар да эмес, эгер алар жеке адам катарында кала бере турган болушса. Себеби, мамлекет пикирий вужуд эмес, балким, үммөт кабыл алган түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар жыйындысын ишке ашыруучу вужуд. Мамлекет өз вужудун үммөттөн алат да анын иштерин башкарат. Ушул себептен үммөттүн турмуштук же идракий (аң-сезимдик) вокыйлыгынан четке чыгып кетиши мүмкүн эмес. Балким, ал иштерди түздөн-түз башкарып, үммөттүн турмуштук жана аң-сезимдик күчүн күчөйтүп жиберүү, тартипке салуу жана иштетүү аркылуу иш жүзүндө баяндап бериши гана мүмкүн. Бирок, мамлекеттен оңдоо (реформалоо) же өзгөртүүлөрдү талап кылып болбойт. Себеби, бул нерселер анын вужудунда жок. Анткени, мамлекет пикирий вужуд эмес, балким аткаруучу вужуд.

Үммөт болсо, ижтимаий вужуд болуп, ар түрдүү жана татаал дагы. Ал бир эркек жана бир аялдан келип чыккан. Үммөттө пикирий, узвий (организмдик) жана жисманий (физический) кубаттар бири-биринен айырмаланат. Андагы аткаруу ыкмалары да ал кабыл алган өлчөө, түшүнүк жана канааттанууларга карап ар түрдүү болот. Мындан тышкары, бул өлчөө, түшүнүк жана канаатануулар келип чыккан негизги пикирлер үммөттө өкүмдарлык кылат. Ушул себептен үммөт бул негизги пикирлерге негизделбеген өлчөө, түшүнүк жана канааттанууларга келиши мүшкүл-кыйын. Анткени, ал пикирлешинде мына ушул негизге чектелген. Ошондуктан ал пикирий вужуд болушу мүмкүн эмес. Эч бир калк жана үммөт – жамаат деген сыпаты менен - өзүнүн жалпы турмушка болгон көз карашын, адатка айланган жалпы түшүнүк, өлчөө жана канааттанууларын өзгөртүүгө - бул түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар канчалык төмөн, калак болбосун – кудурети жетпейт.

Мамлекет өзүнүн вужудий сыпаты менен, калк же үммөт жамаий сыпаты менен түшүнүк, өлчөө жана канааттануулардын булагы эмес, балким, мамлекет жана калк (же үммөт) бул нерселер аткарыла турган орун. Үммөт түшүнүк, өлчөө жана канааттануунарды өзүнө колдойт. Мамлекет болсо, аларды Үммөткө колдойт. Демек, мамлекет жана үммөт ушул өлчөө, түшүнүк жана канааттануулардан таасирленүүчү, буларды иштеп чыгуучу эмес. Алар турмушта өлчөө, түшүнүк жана канааттануулардын талабы боюнча аракет кылат жана иштерди аткарат. Т.а. түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар пайдубал милдетин өтөйт. Мамлекеттин укуктук вокыйлыгы жана үммөттүн коомдогу вокыйлыгы андан келип чыгат.

Демек, бул өлчөө, түшүнүк, канааттануулардын булагы жана үммөткө, мамлекетке таасир өткөзүүчү нерсе мамлекет жана үммөттөн башка болушу жана ал таасирленүүчү эмес, таасир өткөзүүчү болушу керек. О.э. ал нерсе түшүнүк, өлчөө, канааттанууларды пайда кылууга, бекем

орнотууга, сактоого, оңдоого жана алмаштырууга кудурети жете турган болушу керек.

Кээде үммөт арасындагы пикирдүү адамдар үммөттү ойготот, алар мамлекетти жана коомду жүзөгө келтирет, деген пикир пайда болуп калат. Бул орунда пайгамбарлар жана реформатор-оңдоочулар мисал кылып келтирилет. Анткени, алар өз үммөттөрүн ойготушкан. Мына ушул жерде каталык пайда болот, кадамдар тайылат. Себеби, жеке адамдар – жеке адам деген сыпаты менен – вужуд эсептелишпейт. Үммөт жана мамлекет болсо вужуд. Бул экөөсүнө булардан көрө күчтүүрөөк болгон, өзүндө вужуддук сыпатын калыптандырган жана бир вужудду түзүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү робыта (байланыштыруучу байламта) менен байланган түртүүчү күчтөрдөн куралган вужуд гана таасир көрсөтө алат. Жеке адамдын кудурети канчалык күчтүү болсо да, кудурети бир нече эсе күчсүз болгон вужудка таасир кыла албайт. Анткени, бир вужудка башка бир вужуд таасир көрсөтө алат.

Бул бир тараптан. Башка тараптан болсо, фикрат бир адамдын зээнинде пайда болгон убакытта бир адамдын жекелик пикири катары ажыралып турат. Бул фикраттын пайда болуш себеби кандай болушунун айырмасы жок, т.а. ал адамдын өзүнөн чыккан болобу же башкадан уккан болобу – бул угуу китептен окуп билүү же башка бирөөнүн айтканын угуп билүү болобу – мунун айырмасы жок. Бул фикрат – эгер ал пикирлөө тарабында турса жана аны ошол адам өзүнүн мүлкү деп эсептесе жана өзүнүн гана жекелик пикири деген мааниде ажыралып турушуна катуу умтулса – жекелик пикир катары кала берет. Натыйжада ал жөн гана айтып жүрүлө турган же китептер ичине жайлап коюла турган назарий (теориялык) пикирге айланып калат. Пикирдүү кишилер жана алардын пикирлери баян кылынган китептер канчалык көп болбосун, мындай фикрат мамлекетте да, үммөттө да эч кандай таасир пайда кыла албайт. Бул фикрат пикирдүү кишиде канааттанууга айланган убакытта, ал жекелик пикирден түшүнүк, өлчөөгө көчөт жана пикирлөө тарабынан пикирлөө, турмушка колдоо тарабына өтөт. Акыры, бул пикир пикирлөө чөйрөсүнөн адамдарда пайда болуу, андан кийин коомдо пайда болуу деңгээлине чыгат.

Фикратты мындай көчө турган, өтө турган кылуучу омыл (күч) ага болгон күчтүү ыйман, т.а. пикирдүү кишидеги вокыйлыкка дал келе турган тастыктоо. Буга алып бара турган жолго келсек, ал кайталоо, канааттандыруу жана турмушка колдоо жолу. Бул болсо, жамаатта гана жана жамаат менен бирге ишке ашат. Мына бул кайталоо, канааттандыруу жана турмушка колдоо бул жамаатта жана аны менен бирге үзгүлтүксүз алып барылат. Натыйжада фикрат – жамаат катары – бул жамааттын жана анын ар бир мүчөсүнүн мүлкүнө айланат. Фикрат алардын турмушка болгон көз карашына таасир көрсөтүп, ага негиз

болуп калат, иштерине таасир көрсөтүп аларды туурулайт жана өкүмдар фикратка айланат. Эгер бул фикрат адамга коюлса анын касиеттеринен адам таасирлене турган негиз болуп калат. Муну менен фикрат үчүн өзгөчө болгон бир вужуд пайда болот. Бул вужуд үммөт вужудунун бир бөлүгү эмес, үммөттүн бир бөлүгү болсо да үммөт вужудунан бүтүндөй башка вужуд. Бул өзгөчө болгон вужуд мамлекет вужуду астында эмес, мамлекет бийлиги астында аракет кылат. Бул пикирий вужуд үммөт ичинде калыптанган хизб. Демек, калкка же мамлекетке таасир көрсөтүүчү нерсе  пикирдүү кишилер эмес, хизб.

Хизб – вужуд катары - бир убакыттын өзүндө мамлекеттин да, үммөттүн да вужуду менен алар үстүнөн үстөм келиши үчүн күрөшөт. Себеби, анда таасирленүү эмес, таасир өткөзүү касиети бар. Мамлекеттин жана үммөттүн вужуду болсо, мунун тескериси болуп, таасир өткөзүү эмес, таасирленүү касиетине ээ. Хизб өзүнүн пикирий вужудун канчалык бекем кармашына карап, ал алып барып жаткан күрөш мөөнөтү же чозулат же кыскарат. Анткени, ал – вужуд катары - өзүнүн пикирий вужудун бекем тутушу  күрөш мөөнөтүн кыскартат, жеңил карашы болсо, бул мөөнөттү созуп жиберет. Эгер хизб өзүнүн түшүнүк, өлчөө, канааттанууларынан чегинбесе, эч кандай шексиз бул эки вужуд – мамлекет жана үммөттүн вужуду үстүнөн жеңишке жетишет. Анткени, ал тез арада адамдар ичиндеги күчтүү топ үстүнөн үстөм келип, ал топ менен бирге бир вужудка айланат. Үммөт вужудунун ичиндеги бул вужуд ичинде хизбтин үстөм вужуду жетекчилик борборун ээлейт. Мына ушул жаңы вужуд жардамында мамлекеттин вужудун кулатат жана пикирий, аткаруучу вужуддар жардамында калган бардык топтор үстүнөн жеңип чыгат жана аларды жалгыз вужуд, т.а. үммөт вужуду курамына бириктирет.

Хизб алып бара турган күрөш -  пикирлер күрөшү гана эмес, балким пикирий күрөш болушу менен биргеликте, түшүнүк, өлчөө, канааттануулар күрөшү да эсептелет. Ошондуктан ал жалпы алакалар жана жалпы кызыкчылыктарга да каршы күрөшөт. Себеби, хизб вужудду түзүүчү негиздерди, т.а. түшүнүк, өлчөө, канааттанууларды талкалап таштоо аркылуу үммөттүн вужудундагы бузук сыпатты талкалап таштоону каалайт, эч качан үммөттү, анын эч бир мүчөсүн талкалоону каалабайт. Анткени, хизб үммөттү колго алуу, анын шаанин көтөрүү, төмөн вужудду жакшы бир вужудка – бийиктик жана улуулук менен ажыралып туруучу вужудка айландырууга аракет кылат. О.э. хизб бул пикирий күрөшү менен мамлекетти түзгөн негиздер - түшүнүк, өлчөө, канааттанууларды талкалап таштоо аркылуу мамлекеттин вужудий сыпатын талкалап таштоону каалайт, бийликти эмес. Анткени, ал жаңы түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар негизинде бийликке жаңы вужуд берүү аркылуу анын учурдагы вужудун колго алып өзгөртүү үчүн аракет

кылат. Ошондуктан хизбтин пикирий вужуд сыпатындагы күрөшү эки вужуд менен – аткаруу жана коом вужуддары менен болот. Анткени, күрөш ушул эки вужудка каратылган, алардан башкасына эмес. Бул болсо вужуддун вужудка каршы күрөшү. Мамлекеттин вужуду бийликке ээ болгону жана үммөттүн вужудун башкарууну колго алганы себептүү күрөш – негизи бул эки вужудка каратылган болсо да, мамлекеттин вужудуна гана каршы каратылган болушу ачык көрүнүп турат.

Ушуга караганда, хизб коомго жалгыз вужудий сыпаты ачык көрүнүп тура турган пикирий вужуд катары кириши зарыл. Себеби, вужуддук сыпаттын жалгыз өзү иш алып барышы лаазым. Ага башка эч бир сыпатты шерик кылуу мүмкүн эмес. Анткени, ал эки вужудка каршы күрөшүп жаткан вужуд. Вужудий сыпатка негизделбеген кандайдыр бир хизбий иш жүзөгө келе турган ар кандай абал же вужудий сыпатка башка кандайдыр бир сыпатты шерик кылуу ийгиликсиздиктин өзүнө гана чектелип калбай, балким, күрөштө хизбти күчсүз кылып коёт жана анын вужуддук сыпатын күчсүздөндүрүп жиберет.

Хизбтин вужуду анын жихазын түшүндүрбөйт, балким ал мындан көрө камроосу кеңирирээк. Туура, хизбий амалдар хизб жихаздары тарабынан ишке ашырылат. Бул жихаздар негизделген түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар хизб вужудунун бир бөлүгү, хизбтин вужуду эмес. Хизбтин вужуду адамдардын бир жамаатында калыптанып турган түшүнүк, өлчөө жана канааттануулардын жайындысы. (Бул жерде адамдардын жекелик сыпатына эмес инсандык сыпатына көңүл бурулат). Эгер адамдардын ушул жамааты же ушул жамааттын мүчөсү болгон кимдир бирөөдөн же жихаздардан кайсыдыр жихаз тарабынан түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар жыйындысына ылайык болгон иштер кылынса, бул нерсе жеке адам же жихаз тарабынан эмес, балким, бир вужуд катары хизб тарабынан кылынган деп эсептелет. Вужудий сыпат бир нече (омыл) түртүүчү күчтөрдөн куралып, бул күчтөрдү бир робыта байланыштырып турат жана бул робыта вужудду калыптандырат. Хизбтин вужудий сыпаты курала турган омылдар түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар жыйындысы жана адамдар жамааты. Бул омылдарды байланыштырып турган робыта хизб негизделген акыйда жана хизбтин өзгөчө түшүнүктөрү менен ажыратып тура турган сакофат. Бул омылдар жана аларды байланыштырып турган робытадан пикирий вужуд, т.а. хизбтин вужуду куралат. Мына ушул вужуд жалгыз өзү иш алып барышы лаазым. Бул вужуд мамлекет жана үммөттүн шахсияты сыяктуу кубаты, айбаты жана өзү да сезиле турган шахсият. Мына ушул шахсият же вужуд коомдогу күрөш майданына кирет. Ал үммөткө жетекчилик кылууну башкаруу үчүн, бийлик тизгинин колго алуу үчүн аракет кылышы лаазым. Хизб – бул шахсиятты үммөт өзүнүн шахсияты кылып

алышы үчүн жана үммөттүн шахсиятын хизб өзүнүн шахсияты кылып алышы үчүн аракет кылышы лаазым.

Хизб ушул китепчеде баян кылынган план негизинде коого кириши үчүн төмөндөгү ыкмаларга ылайык аракет кылынат:

а) Ушул пландын ыкмасына караганда, хизбийлер тарабынан тартибтештирүү менен жана түздөн-түз махаллий лажналар тарабынан тартиптештирүү менен боло турган бирер иш жок. Балким, ар бир хизбий жигит даъватты көтөрүп чыгууну жана талкуулашууну, халкалар берүүнү жана коомго байланууну улантырат. О.э. махаллий жихаздар да өз милдеттерин, т.а: тартиптүү сакофат жана жамаий сакофаттарды берүү, даъватты башкаруу, талкуулашууларга тиешелүү зарыл тартиптерди – мисалы талкуулашууларды кызгын түс алдыруу үчүн белгилүү пикир берүү сыяктууларды – колдоо, хизбий жигиттерди күчөтүү үчүн белгилүү ыкмаларды жолго коюу иштерин алып барууну улантырышат. Бардык махаллий жихаздар жана хизбийлердин баары укукка ээ болгон адам тарабынан буйрулган буйруктарды аң-сезимдүү түстө баш ийүү менен, о.э. бир адам же кайсы бир лажна эмес, балким, иш алып барып жаткан бир бүтүн вужуд көрүнүп тура турган сүрөттө аткарышат.  Ар бир хизбий адам – махаллий лажнадан үзүлүп калган чакта да - өзүндөгү бир түрткүнүн негизинде аракет кылышы важып. Дал ошондой эле махаллий лажналар да – вилаят лажнасынан үзүлүп калса - өзүндөгү бир түрткүнүн негизинде ишти  токтотпоосу важып.

б) Вилаят лажнасы хизбти башкаруу дегени. Вилаят лажнасы хизбтин саясий хизб экендиги көрүнүп тура турган саясий көрүнүш. Бир  өлкөдө хизб катарында аракет кыла турган да вилаят лажнасы эсептелет. Ошондуктан хизб үммөт ичинде жана саясий майданда пикирий жактан көрүнгөндөй, саясий жактан да көрүнгөн болушу важып. Анткени, саясат хизбтин тышкы көрүнүшү, пикир болсо анын табияты.

Бир өлкөдөгү вилаят лажнасынын түп негизи  мына ушул. Качан ал өзүнүн түп негизин жакшы билип алса, анын ички түрткү негизинде аракет кылышы жеңил болот, ал кыядат лажнасынан кандайдыр себептен үзүлүп калса.

в) Вилаят лажнасынын иштери эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчиси аткаруу иштери. Мунун укугу бир гана мөтамадка берилген. Экинчиси болсо өз регионунун идарий иштери. Бул болсо – лажна катарында – лажнанын өзүнө берилген укук. Токтомдорду кабыл алуу мурдагы китепчеде айтылган ыкмага ылайык болот,  т.а. эгер райлар пикирге алып барса, эң туурасына эргешилет. Ошондуктан ага талкуу үчүн көбүрөөк убакыт ажыратылат. Эгер райларда бир пикирге токтолуп келише алынбаса, анда ар кандай нерсеге карабастан мөтамаддын пикири кубатталат. Мисалы, «Белгилүү иштерди аткарууда министрлер кабинетине таасир өткөзүү хизбти өкмөттү колго алуудан

узакташтырабы же мунун тескериси болобу?» же «Кайсы бир маселеде саясий күрөш алып баруу ушул вилаят лажнасына кыйратуучу сокку берилишине алып барабы, жокпу? Ж.у.с. пикирге алып баруучу мындай райлар талкуусунда көпчүлүк-азчылыкка каралбайт.

Иш жүзүндө алып баруучу райларда болсо көпчүлүктүн пикирине каралат. Мисалы мындай деп айтылса: «Палан маселе мечиттерде көтөрүлөбү же баракча басып чыгаруу аркылуубу?», «Баракча бардык шаарларда таратылабы же таасири күчтүүрөк болушу үчүн иш-аракетти белгилүү жерлерге чектөө максатында айрым маанилүү шаарларда гана таратылабы?», ж.у.с. Бул сыяктуу ишке алып баруучу бардык райларда ушундай жол тутулат.

г) Вилаят лажналары коомго кирүү үчүн белгиленген планды аткарууда кабыл алынган ыкма боюнча аракет кылат. Мунун кеңири баяндамасы төмөндөгүчө:

Биринчиден: бүткүл хизб үчүн жалпы болобу же вилаяттын өзүнө таандыкпы же бирер шаарга же бирер тарапга таандык болобу кыядат тарабынан келип жаткан буйруктарды аткаруу.

Экинчиден: кыядат тарабынан келген ар бир билдирүү, баракча, эскертме жана башкаларды – алар бүткүл хизб үчүн жалпы болобу же вилаят лажнасынын регионуна таандык болобу, баары бир – басып чыгаруу жана таратуу. Кээде бул баракчалардын тексти белгилүү билдирүүдө толук болот. Мындай абалда алардын маанисине да, сөздөрүнө да эч кандай өзгөртүү киргизбей таратылат. Айрым убакыттарда белгилүү чекиттер же билдирүү долбоору же баракча долбоору көрүнүшүндө болот. Бул абалда аларды вилаят лажналары өзү ылайыктуу деп көргөн түстө билдирүү же баракча же эскертме көрүнүшүндө келтирип, толук калыпта келтирет жана хизбтин аты жана колу менен басып чыгарат жана таратат. Кээде баракчалар Кыядат тарабынан табанний кылууга уруксат берилген белгилүү кызыкчылыктар көрүнүшүндө болот. Мында вилаят лажнасы баракчаларды жана үммөт менен байланышуу же баарлашуу пландарын белгилейт, о.э. өзү каалаган түстө хизбтин аты жана колу менен басып чыгарат жана таратат. Ушул баракчалардын баары - фикратты иштеп чыгуу, үммөт кызыкчылыктарын же мааниси толук болгон райларды белгилөө жагынан караганда – аткаруу амалдарынын сыпатын алат. Ал эми баракчалар басып чыгаруу, таратуу ыкмалары ж.у.с иштер жагынан каралганда болсо идарий иштер сыпатын алат. Баракчалар биринчи болуп кыядат лажнасы тарабынан чыгарылган болобу же вилаят лажнасы тарабынан коюлган сунушка  кыядаттын раддиясы болобу – мунун айырмасы жок.

3. Ар бир вилаят лажнасы Кыядат тарабынан мурдатан бериле турган кандайдыр бир уруксатсыз дароо эле өзү тарабынан коомго кирүүнү

ишке ашырат, т.а. адамдардын кызыкчылыктары туурасындагы бийлик менен үммөт ортосундагы алакаларга каршы чыгууну дароо баштап жиберет. Муну менен «Саясий аракеттендирүү» жана «Аракет чекити» китепчелерин колдойт. Мунуң үчүн вилаят лажнасы жемиштүү ыкмаларды колдошу важып. Ошондуктан, ал төмөндөгү негизге ылайык ушуларды аткарат:

а) Баракчалар чыгаруу. Вилаят лажнасы баракчалардын фикраты, аларды жазуу, басып чыгаруу жана таратууда керектүү бардык нерселерди өзү даярдайт. Бул ишти кыядат лажнасына кайрылбай өзү ылайык көргөн ыкмада ишке ашырат. Бирок, бул баракчаларда хизбтин аты жазылбайт, балким, аларда жумалык тиркеме жана Ислам өкүмдөрү баракчаларында болгондой убакыты гана көрсөтүлөт. Бирок, алардын сөздөрүнөн, сүйлөмдөрүнөн жана маанилеринен хизбке тиешелүү экендиги даана сезилип турушу важып. Ар бир баракчадан кыядатка бир копия жиберилет.

б) Максаттуу зыяраттар жана коом менен байланууну жолго коюу.

в) Ыкмалары анык белгиленген абалда баарлашуулар өткөзүү.

г) Бир же бир нече жергиликтүү гезиттерди хизб атынан эмес, балким басма сөз тарабынан болушу шарты менен чыгаруу.

4. Вилаят лажнасы тарабынан кылынып жаткан бардык аракеттер хизб табанний кылган пикирлерге, өкүмдөргө жана саясий райларга ылайык болот. Буларды бөлүктөргө бөлүүгө олуттуу көңүл бурулат жана болуп жаткан учурда чукур талкуу кылынат. Кыядат вилаят лажналары тарабынан бөлүктөргө бөлүүдө жол коюлган каталарды оңдойт. Вилаят лажнасы тарабынан чыгарылып жаткан ар бир баракча жана журналдардын кыядатка албетте жиберилиши важып, ар бир эки жумада тахририй кат жиберилиши жана ар бир эки айда бир жолу кыядатка ар бир вилаят лажнасынан элчи барышы лаазым. Булардын баары аракеттин биримдигинин, тууралыгынын жана дени сактыгынын гарантиясы эсептелет.

5. Бул доордо вилаят лажнасы өзүнүн бардык иштеринде хизбий бекемдөөнү ишке ашыруу үчүн жана үммөт менен боло турган алакаларды күчөтүү үчүн аракет кылышы важып болот. Мындан эки нерсе келип чыгат: а) Хизбке карата. б) Хизбтин үммөт менен болгон алакаларына карата.

а) Хизбтин өзүнө карата боло турган иштер: Вилаят лажнасы кадыр-баркы жана амал кылууга болгон кудурети толук болушу үчүн адамдарды көбөйтүрүүдөн көрө көбүрөөк аларда сакофатты чукурлаштырууга көңүл бурулат. Азыркы учурда хизбте сый үчүн жана жардам көрсөтүү үчүн гана мүчө боло тургандарга орун жок. Балким, хизбтин ар бир мүчөсү халка бериши, халка алышы, шахрий халкаларга катышышы жана өзүнө тапшырылган хизбий милдеттемелерди

аткарышы важып. Хизб эхмол берген (көңүл бурбай жөн таштап койгон) кишиге ачынылбайт. Себеби, бул кишилер өздөрү өздөрүнө көңүл бурбай кайдыгерлик кылышты. Акыры алар ойготулушкандан кийин кандай кылып дагы уйкуга кетишти?! Негизи алар жалын ичинде жана согуш майданынын ортосунда болушса!

б) Хизбтин үммөт менен болгон алакаларына карата боло турган иштер: Хизб үммөткө орой мамиледе болбоого катуу көңүл буруп, үммөттүн райына тескери болгон райды ачык жана тайманбастык менен берет. Бирок, муну үммөт «хизбти өзүнө душмандык жарыя кылып жатат», деп эсептей турган кылып коё турган ыкмалар менен бербейт. Балким, өзүнүн түп негизин, т.а. хизб үммөттү ойготуу, куткаруу жана төмөн абалынан көтөрүп өнүктүрүү үчүн аракет кылып жаткандыгын баян кылып бериши керек.

6. Вилаят лажнасы хизб табанний кылган коидаларды (эрежелерди) түшүнүүгө жана колдоого олуттуу көңүл бурат. Алар төмөндөгүлөр: «Укук фардий (бир жеке адамда), амал кылуу болсо жамаий болот». Демек, укук жана милдеттеме бир жеке адамга берилиши шарт. Себеби, эгер жамаатка бериле турган болсо, жоопкерчилик ушул жамаат арасында укугу бөлүнгөнүнө карап бөлүнүп кетет да, натыйжада, кайдигерлик эшиктери ачылып калат. Аткаруу талап кылынып жаткан күч жана кубаттын оордугу жеке адамда эмес, балким, жамаатта болушу зарыл. Демек, ишти алып баруучу бүткүл вилаят лажнасы, бирок, вилаят лажнасы тарабынан иштелип чыгылып ишке ашыруу үчүн белгиленген иштердин түздөн-түз аткаруучусу мөтамад болот. Мөтамад вилаят лажнасы же махаллий жихаз мүчөлөрү жана же хизбийлердин каалаганынан жардам алат. Ушуга караганда, мөтамад борбордо болушу керек жана өзү үчүн же даъват үчүн зарыл болгондо гана аны таштап кетет. Вилаят лажнасы мүчөлөрү шаарларды белгиленген жана сөзсүз түрдө зыярат кылуулары важып.

Булар коомго кирүү планы жана бул планды аткаруу ыкмалары.

Коомго карай аракет кылынып жаткан убакытта ушул нерсе ачык-айкын болушу керек, биз кирүү үчүн аракет кылып жаткан коом исламий эмес коом, анда өкүмдар болгон пикирлер куфр пикирлери. Ошондуктан, коомго кирүү Исламдын куфрга каршы кириши көрүнүшүндө болушу лаазым. Коомдо куфр мыйзамдары негизинде өкүм жүргүзүлө баштагандан бери коомду башкарып жаткан акимдер, саясатчылар жана алардын малайлары Исламдын коомго киришине каршы күрөшүүдө жана мунуң үчүн бар болгон мүмкүнчүлүгүнүн баарын ишке салышууда. Ошондуктан, да исламий мамлекеттин бийлиги кулатылгандан бери исламий кыймылдардын бири да коомго кире албады. Балким, коом тышкарысында калып кетти жана коом Исламдан узак болуп кала берди.

Хизбут-Тахрир Ислам салтанаты кулатылгандан бери коомго кирүүнү өз алдына олуттуу максат кылып койгон кыймылдардын биринчиси болду. Анын коомго кириши куфр үстүнөн жеңишке жетиши болот. Колонизатор капырлар, акимдер жана саясатчылар Исламды коомдон чыгарып жиберишкенден кийин анын дагы кайрадан коомго кирип келишин көрүүлөрү жеңил эмес. Ошондуктан да алар хизбтин коомго кирүү жолун тосуу ниетинде коом эшиги артына зулпу жана кулптар коюшат. Эгер хизб бул зулпу жана кулптарды талкалап, коом эшигин ачса же өзү ага ачылса, өкүмдар чөйрөлөр коом дагы исламий коом болуп калбоосу үчүн жана андан Исламды сүрүп чыгаруу жеңил болушу үчүн коомдо баш-аламан абалды пайда кылууга киришишет. Демек, коомго кирүүгө аракет кылынып жаткан убакытта жана андан кийин да буларды аң-сезимдүү түрдө толук билүүгө, коом эшиги артындагы зулпу жана кулптарды талкалап таштоого жана коом баш-аламан абалга түшүп калышынын алдын алууга катуу көңүл буруу зарыл.

Коом эшиги артындагы зулпу жана кулптар саясат жана мыйзам чыгаруудагы негизги өлчөөлөр эсептелет. Бул өлчөөлөр калк үстүнөн өкүмдар болгон жана райы омм да калк тарабында болгон убакытта өзүнө тескери болгон пикирлерди кайтарат. Бул өлчөөлөр пикирлер үстүнөн чынчылдык же жалган, тууралык жана бузукулук менен өкүмдарлык кылган соң коомго кирүү үчүн кылынган ар кандай аракет ийгиликсиз болуп кала берет. Коом мына ушул зулпу жана кулптар себептүү исламий пикирлер алдында жабык тура берет. Коомго кирүү андагы мына ушул өлчөөлөр, түшүнүктөр жана канааттануулар аркылуу гана болушу мүмкүн. Эгер коомго исламий пикирлерди киргизүү үчүн дипломатик жолдор ишке салына турган болсо жана коомдогу өлчөөлөр, түшүнүктөр жана канааттануулар чара-жол кылып алына турган болсо, Исламдын коомго кириши тосулуп гана калбай, Ислам өзү коомдон узакташтырылып жиберилет. Коомго жалгыз адамдын өзү исламий болбогон өлчөөлөр менен кирген болот жана ал болгону исламий болбогон коомду гана бекемдеп, Исламды коомдон узакташтырып жиберет. Ошондуктан ушул өлчөөлөрдү акыйдавий ыкма менен талкалап таштоо зарыл. Мына ошондо алар талкаланып кетет жана коом эшиги ачылып, Ислам пикирлери менен куфр пикирлери ортосунда күрөш башталат. Демек, коомго кирүү үчүн коюла турган биринчи кадам элден мурда өлчөөлөрдү, айрыкча негизги өлчөөлөрдү талкалоо болуп эсептелет. Коом эшиги артындагы зулпу жана кулптарга мисал кылып төмөндөгүлөрдү келтирүү мүмкүн: «Араб улутчулдугу», «Аскердик союздарга кошулбоо», «Ата-мекенчилик», «Социализм», «Демократия», «Өзүн-өзү башкаруу», «Исламдын ылайыкташуучандыгы», «Башка үммөттөгү мыйзамчылыктан пайдалануу», «Саясат башка, дин башка» ж.б. Бул өлчөөлөр ар кандай

пикирлер кыястала турган жана экинчи даражалуу пикирлер курула турган негиз деп эсептелет. Коомго кирүү жеңил болушу үчүн ушул өлчөөлөрдүн таш-талканын чыгарып таштоо жана аларга аёосуз сокку берүү аркылуу алардын жасалмалыгын ачып таштоо важып болот.

Коом эшигин ачуу тарабынан алып каралганда мына ушундай. Коомго кирүүгө келсек, ага ар кандай аралашмалардан узак, таза жана нукура Исламдан башка нерсенин киришине жол бербөө важып. Анткени, капырлар, акимдер жана саясатчылар Ислам наамы менен – коомдо Ислам тарабынан дайынсыз күңүрттүктү пайда кылуу үчүн – исламий болбогон ар түрдүү пикирлерди киргизишет. Мусулмандар ушул жактарды билүүлөрү жана Исламга тескери болгон ар кандай пикирге каршы куфр пикирине каршы күрөшкөндөй күрөшүүлөрү важып. Анткени, ал да ачык куфр эсептелет.

Бирок, бул чабуул саясий пикирлерге жана мыйзамчылыкка тиешелүү пикирлерге каршы каратылган болот, т.а. пикирлер берилип жатканда же талкууланып жатканда мамлекет иштеринде көрүнө турган коом алакаларына тиешелүү пикирлерге каршы каратылган болот. Мисалы, көп аялдуулукка тыюу салуу, кайрымдуулук коомдорун түзүүгө уруксат берүү, министрликтерде катышууга уруксат берүү, Ислам дүйнөсүндөгү мамлекет акимдери ортосунда өздөрү отурган жерди сактап калуу үчүн биригүү, араб биримдиги уюму, жашоо даражасын көтөрүү, чет эл инвестицияларын мамлекетке киргизүү ж.б.у.с. Булардын баары исламий эмес пикирлер болуп, алар исламий деген этибарда же Исламга тескери эмес, деп киргизилет. Бул пикирлерге каршы чабуул кылуу, күрөшүү жана коомдо баш-аламандыкты пайда кылбоосу үчүн анын кирип келишне жол бербөө важып.

Хизб табанний кылган пикирлерге тескери болгон исламий пикирлерге келсек, андагы түшүнүү жолу баян кылынат. Бирок, аларга чабуул кылынбайт, балким, алар да исламий рай экендиги, бирок, далили күчсүз экендиги көрсөтүп берилет. Мисалы, мужтахиддердин айрымдары халифа бир гана Курайштардан же ахли байттан болушу мүмкүн, деген болсо, кээ бирлери аял киши казы болушу мүмкүн эмес, деген. Дагы кээ бирлери болсо алтын жана күмүштө, алардын зекети берилген болсо, иштетпей топтоо мүмкүн деген, дагы кээ бирлери жерди ижарага берүү мүмкүн дешет ж.б.у.с. Булардын баары исламий райлар болуп, алардын коомго киришине тыюу салынбайт. Себеби булар коомдо баш-аламандыкты пайда кылбайт. Анткени, алар да Ислам болуп, хизб табанний кылган райлар сыяктуу далилге же шибхи далилге сүйөнөт. Мындай исламий пикирлерге карата алардын катасын көрсөтүп берүү менен чектелинет.

Бирок хизб өзүнүн баракча, китеп жана талкуулашууларында өзү табанний кылган райга тескери болгон бир да райды көтөрүп чыкпайт.

Бирок, ал мурда табанний кылынбаган райларды фикхий же мыйзамдык нерсени түшүнүү үчүн үлгү катарында таратышы да мүмкүн. Буга ушул райлар кимден чыккандыгы көрсөтүлбөй, анын далили менен чектелинет. Булар хизб таратуу менен алектене турган райларга карата болду. Ал эми эгер хизбтен башкалар тарабынан бирер исламий рай таратылса, бирок, бул рай хизб райына тескери болсо, талкуулашууга зарылчылык болсо, талкуулашуу менен чектелинет. Зарылчылык болбосо, ал райды көңүл бурбай таштап коё берет. Мына ушулар жардамында хизб коомдо пайда болуу коркунучу болгон баш-аламандыкты тосот.

Ислам менен куфр ортосундагы күрөш куфр жеңилип, Ислам жеңишке жеткенге чейин улантыла берет.